**М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин этика комитетинин 2024-2025-окуу жылындагы ишмердүүлүгү жөнүндөгү отчету**

Комитеттин курамы 2024-жылдын Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен түзүлгөн. Төрага, катчы жана 4 мүчөдөн турган курам иш алып барды.

**Комитеттин жыл ичиндеги негизги милдеттери:**

- Университеттеги кызматкерлер жана студенттер тарабынан Этика кодексинин жана ички тартип эрежелеринин сакталуусун көзөмөлдөө;
- Келип түшкөн даттанууларды, кайрылууларды карап чыгып, адилет чечим кабыл алуу;
- Коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана конфликттик кызыкчылыктарды жөнгө салуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- Кесиптик жана моралдык-этикалык нормалардын сакталышын камсыздоо үчүн окутуучуларга жана студенттерге консультацияларды берүү.

2024-2025-окуу жылына түзүлгөн иш план боюнча окуу жылына пландалган иш-чаралар негизинен аткарылды. Комитет ишин өз убагында баштап, профилактикалык иштер өз мөөнөтүндө жүргүзүлдү (40 кызматкер, 200+ студент). 6 расмий жыйын өткөрүлүп, кайрылуулар өз убагында каралды. Этикалык кырдаалды баалоо үчүн жашыруун сурамжылоо жүргүзүлдү. Окутуучуларга байланыштуу 6 кайрылуу катталды. Лекция учурундагы орой мамиле, суроолорго жооп бербей коюу (2 учур). Тиешелүү кызматкерлерге администрациялык эскертүү берилди. 4 кайрылууда фактылар тастыкталган жок. Студенттерге байланыштуу 5 кайрылуу. Окуу процессиндеги тартип бузуулар; студенттер арасындагы онлайн мазактоо (1 учур). Этика кодексин бузган студенттерге эскертүү берилип, институттарга сунуш жиберилди. Онлайн чатак тынчтык жолу менен чечилди.

Жалпысынан колдонулган чаралар: Моралдык айыптоо (2 учур), эскертүү жана сунуштоо (5 учур), даттанууларды четке кагуу (3 учур).

2024-2025-окуу жылында Этика комитети негизги милдеттерин ийгиликтүү аткарды. Кайрылууларды калыс кароо жана профилактикалык иштерди жүргүзүү аркылуу университетте этикалык нормалардын мааниси жогорулап жатканы байкалат. Ошого карабастан, анонимдүү кайрылууларды так изилдөө жана санариптик маданиятты сактоо маселелери көңүл бурууну талап кылат.

Жыл ичинде төмөнкүдөй түшүндүрүү жана алдын алуу иштери жүргүзүлдү:

- **Семинар-тренингдер**: Жыл башында комитет тарабынан «Этика кодексинин негизги талаптары жана конфликттик кызыкчылыктарды алдын алуу» аттуу 2 күндүк семинар уюштурулган. Ага 40ка жакын окутуучу жана административдик кызматкер катышып, талкуулар жүргүзүлдү.
- **Студенттер учун лекциялар**: Таланттуу студенттер лидерлердин көмөгү менен «Коррупцияга каршы күрөш жана академиялык адептүүлүк» темасында 3 жолу чакан жолугушуулар болду. Анда жалпысынан 200дөн ашуун студент ат салышты.

Анонимдүү кайрылууларды объективдүү иликтөөсү бир топ кыйынга турат, жөнгө салуу үчүн атайын «Купуя кайрылуу» формасын илгерилетүү жана кошумча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл. Бирок, жыл ичинде анонимдүү бир эле арыз түштү.

Ушул жылы Этика боюнча комитет 11ден ашык кайрылуу карап, алардын ичинен 10 учур боюнча конкреттүү тартиптик же адеп-ахлактык мүнөздөгү сунуштарын бердик. Жалпы жамаатта этика нормаларынын мааниси барган сайын артып жатканын байкоого болот. Ошого карабастан, анонимдүү кайрылууларды так изилдөө жана санариптик маданиятты сактоо өңдүү маселелер дагы эле көңүл буруну талап кылынаарын билдиребиз. Акырында этика комитети жылдык отчет берүү менен бирге сунуштарыбызды айтып кетүүнү туура таптык.

- Конфликттерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн Комиссия мүчөлөрүн медиатордук усулдар боюнча окутуу.
- Профилактикалык иштерди улантуу: Студенттер жана кызматкерлер менен үзгүлтүксүз семинарларды, атайын ачык эшиктер күнүн жылына жок дегенде 2 жолу уюштуруу.
- Студенттердин онлайн этикасы тууралуу атайын эскертмелерди же окуу модулдарын киргизүү, керек учурда психологдун консультациясын алуу.

Комитет мындан ары дагы этикалык талаш-тартыштарды өз убагында жана адилеттүү карап, университеттин туруктуу өсүшүнө жана ич ара ынтымакташтыктын калыптанышына кошумча салым кошуп, студенттер жана кызматкерлер үчүн кызмат кылууга өз эмгектерин аябоосун билдирет.

Комитеттин төрагасы:________________________э.и.к. Жумабаев К.Ж.